КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезексиз XXXIV сессиясынын
# №242/34-8 ТЕСКЕМЕСИ

**10-май, 2024-жыл** **Талас шаары**

**Кыргыз Республикасынын республикалык жана облустук маанидеги шаардык кенештеринин ортосунда ынтымакты чыңдоо, тажрыйба алмашууну өнүктүрүү жана кичи футбол боюнча достук мелдешти өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Депутаттардын Талас шаардык кенешинин кезексиз XXXIV сессиясынын күн тартибине коюлган сунушунун негизинде, Кыргыз Республикасынын республикалык жана облустук маанидеги шаардык кенештеринин ортосунда ынтымакты чыңдоо, тажрыйба алмашууну өнүктүрүү жана кичи футбол боюнча достук мелдешти өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын республикалык жана облустук маанидеги шаардык кенештеринин ортосунда ынтымакты чыңдоо, тажрыйба алмашууну өнүктүрүү жана кичи футбол боюнча достук мелдешти өткөрүү боюнча курамы 7 адамдан турган уюштуруу комиссиясы түзүлсүн.
2. Аталган иш чара 2024-жылдын 21-22-23-июнь күндөрүнө белгиленсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына ( А.Сариева) тапшырылсын
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Джаныбеков**